УДК: 712

*Джунушалиева Г. Дж., E-mail: g.dj.1972@mail.ru,*
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*Ч. Айтматов ат. Тил жана адабият институтунун*
*улук илимий кызматкери, Кыргызстан*

## ЖАШЫЛ МУРАС ЖАНА ТАЗА КООМ

*Жер планетасында ар бир организм курчап турган айлана-чөйрө менен тыгыз байланышкан. Азыркы учурда адам баласы экологиялык проблемаларга дуушарланды. Республикада жаратылышты коргоо боюнча жашыл мурас жана таза коом иштери колго алынып, стратегиялык долбоорлор түзүлүүдө. Жашылдандыруу адамдар менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы өз ара гармонияга байланыштуу ар кандай идеяларды камтыйт. Жашыл мурас глобалдуу экологиялык проблемаларды кандайдыр бир деңгээлде чечет жана ал жалпы адамзаттын аракетине муктаж. Кыргызстанда жашыл экономика долбоорун ишке ашыруу комплекстүү системаларды камсыздайт.* ***.*** *Анын ичинде туризм, транспорт, энергетика, өндүрүш, айыл чарба, билим берүү жана маалымат жеткирүү багытында иш-чаралар камтылат. Мындай максаттардын түпкү багыты адамдын жашоо шартын жакшыртуу, табият менен таттуу мамиледе болуу, таза тамак-аш менен камсыз кылуу, ошондой эле ден соолукту сактоону, пайдалуу азыктарды өңүктүрүүнү ж. б. туюндурат. Адам баласы экологиялык катаклизмге туш келбей, экологиялык катастрофаны болтурбоо үчүн, жандуу жаратылышты туура пайдаланып, жашылдандырып, ага кам көрүп, биосферадагы тирүү организмдердин көп түрдүүлүгүн сактоонун аракетинде болушубуз зарыл. Экологиялык билим алуу, экологиялык маданиятты калыптандыруу планеталык экологиялык тең салмактуулуктун сакталышын камсыз кылат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *жашыл мурас, айлана-чөйрө, гармония, жашылдандыруу, экология, жашыл экономика, долбоор, таза коом, жаңы доор, биосфера, катаклизм, планеталык, трансформация, санариптик.*

*Джунушалиева Г. Дж., ст. научный сотрудник Институт языка и*
*Литературы им. Ч. Айтматова НАН КР,*
*E-mail: g.dj.1972@mail.ru, Кыргызстан*

## ЗЕЛЕНОЕ НАСЛЕДИЕ И ЧИСТОЕ ОБЩЕСТВО

*Каждый организм на планете Земля тесно связан с окружающей средой и в настоящее время человечество сталкивается с различными экологическими проблемами. В стране ведется работа по зеленому наследию и чистому обществу, разрабатываются стратегические проекты. Ландшафтный дизайн включает в себя различные идеи, связанные с гармонией между людьми и окружающей средой. Зеленое наследие в какой-то степени решает глобальные экологические проблемы, для этого нужны усилия всего человечества. Реализация проекта зеленой экономики в Кыргызстане в дальнейшем обеспечит комплексные системы. К ним относятся мероприятия в области туризма, транспорта, энергетики, производства, сельского хозяйства, образования и распространения информации. Конечной целью этих направлений является улучшение условий жизни людей, поддержание хороших отношений с природой, обеспечение чистой пищей, поддержание хорошего здоровья, разработка новых питательных продуктов и т.д. Чтобы предотвратить человеческие катастрофы и экологические катаклизмы, необходимо правильно и бережно использовать природу, возрождать, беречь ее, стараться сохранить разнообразие живых организмов в биосфере. Экологическое образование, формирование экологической культуры обеспечивает безопасность планетарного экологического равновесия.*

***Ключевые слова****: зеленое наследие, окружающая среда, гармония, ландшафтный дизайн, экология, зеленая экономика, дизайн, чистое общество, новая эра, биосфера, катаклизм, планетарное, трансформационное, цифровое и др.*

*Djunushalieva G. D., National Academy of Sciences of Kyrgyz Republic*
*Language and Literature institute named after Chingiz Aitmatov*
*Chief scientific researcher, E-mail: g.dj.1972@mail.ru, Kyrgyzstan*

## GREEN HERITAGE AND A CLEAN SOCIETY

*Each organism on planet Earth is closely related to the environment and at present humanity is faced with various environmental problems. The country is working on green heritage and clean society, strategic projects are being developed. Landscape design includes various ideas related to harmony between people and the environment. nvironment. The green heritage to some extent solves global environmental problems, this requires the efforts of all mankind. The implementation of the green economy project in Kyrgyzstan will further provide complex systems. These include measures in the field of tourism, transport, energy, production, agriculture, education and dissemination of information. The ultimate goal of these directions is to improve the living conditions of people, maintaining good relations with nature, providing pure foods, maintaining good health, developing new nutrients, etc. To prevent human disasters and environmental disasters, it is necessary to properly and carefully use nature, revive, protect it, try to preserve the variety of living organisms in the biosphere. Environmental education, the formation of environmental culture ensures the safety of planetary environmental equilibrium.*

***Key words:*** *Green heritage, environment, harmony, landscape design, ecology, green economy, design, clean society, new era, biosphere, cataclysm, planetary, transformational, digital, etc.*

"Жашыл мурас" улуттук өнөктүгү өлкө боюнча өткөрүлүп, Кыргызстандагы Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулукту сактоо алкагында жашылдандыруу чаралары жүргүзүлүп жатат. Жашылдандыруу адамдар менен жаратылыштын гармониялуу өз ара аракеттенүүсүн жана алардын муктаждыктарын бир эле убакта канааттандыруу. Жашылдандыруу адамдар менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы өз ара мамилеге байланыштуу ар кандай идеяларды камтыйт. Жашылдандыруу кандайдыр бир жол менен экосистемага байланыштуу болуп, табигый капитал жана экологиялык кызматтардын экономикалык маанисин туюндурат. Айта кете турган жагдай: “Экология” термини биринчи болуп 1859-ж. америкалык натуралист Г. Торо тарабынан киргизилген. Ал эми немец окумуштуусу Эрнест Геккель (1834-1919-жж.) экология илимин өзүнчө илим катары негиздеп, аныктама берген, б. а., организмдердин бири бири менен жана алардын сырткы чөйрө менен байланышы жөнүндө илимди экология илими деп атаган. Ошондой эле экология илими биология илиминен өзүнчө тармак болуп бөлүнүп чыгып, 1912-жылы Россияда, орус география коомунун алдында “Жаратылышты коргоо комиссиясы”, 1913-жылы Швейцариянын Берн шаарында 18 өлкөнүн өкүлдөрү катышкан “Жаратылышты коргоо иштери” боюнча эл аралык конференция өткөрүлгөндө такталган. 1915-жылы АКШда биринчилерден болуп экологиялык коомдук уюмдар түзүлүп, натуралисттик байкоо, эксперименттик изилдөө методдоруна өтө баштаган [1: 9]. Ошондон улам “Экология” жер планетасынын глобалдуу проблемасына айланган.

Жашыл экологияны жана жалпы экономиканы туруктуу өнүгүүгө алып келүүдө жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана кайра калыбына келтирүү зор роль ойной турган принцип болуп эсептелет. Андан тышкары, бул жалгыз эле ресурстарды үнөмдүү пайдаланууну түшүндүрбөйт, бул – башка тармактарды да камтыган жана бардык чөйрөдө туруктуу өнүгүүгө жол көрсөткөн багыт.

Буга чейин “Туруктуу өнүгүүнүн 2030-жылга чейинки максаттары” кабыл алынып, БУУнун деңгээлинде бекитилген. Алар: *жакырчылыкты жоюу, ачкачылыкты жеңүү, чың ден соолук, сапаттуу билим, гендердик теңдик, таза суу жана санитария, арзан жана таза энергия, жакшы жумуш жана экономикалык өсүү, индустрия, инновация*

*жана инфраструктура, теңсиздикти азайтуу, шаарларды жана жамааттарды туруктуу өнүктүрүү, жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү, климаттык өзгөрүү менен күрөшүү, суунун алдындагы жана суу үстүндөгү жашоону коргоо, тынчтык жана акыйкаттык, жалпы максаттар үчүн өнөктөштүк* деген максаттар [2]. Мындай максаттардын түпкү багыты – адамдын жашоо шартын жакшыртуу, табият менен таттуу мамиледе болуу, таза тамак-аш менен камсыз кылуу, ошондой эле ден соолукту сактоону, пайдалуу азыктарды өнүктүрүүнү ж. б. туюндурат.

Бүгүнкү күндө бул маселе бүткүл дүйнө жүзүндө өтө актуалдуу болуп жаткан иш-чаралардын бири экендиги айгине. Экология канткен менен көп өлкөлөрдө оорулардын козголушуна жана өөрчүшүнө таасир тийгизет. Акыркы жылдары климаттын өзгөрүүсү да жалпы адамзатта оорулардын көбөйүшүнө дуушар кылган проблемалардан. Алардын баары чогулуп келип, чоң социалдык көйгөйгө айланды. Ошондой эле жаратылыш ресурстарын ченемсиз, ыксыз жана натыйжасыз пайдалануунун аркасында жаратылыш ресурстарынын жок болушу, абанын жана суунун булганышы, таштандылардын жакшы тазаланбай калышы жана айыл чарбасы менен суу жана энергетикалык тутумдардын натыйжасыздыгы да бар. Аны азайтуу үчүн жашыл экономика саясатын колдонуу зарыл. Негизи, жашыл экономика – экологияга зыян келтирбеген технологияларды ойлоп-табуу, колдонуу дегенди билдирет. Буга чейин электромобилдерди алып келе баштаганда, мамлекет алардын салыгын көбөйткөнү тууралуу айтылган пикирлер болгон. Ошондой эле ишкерлер бизнесин ачып жатканда жашыл экономиканы унутта калтырбоого тийиш. Жашыл экономиканын ичинде туризм, транспорт, энергетика, өндүрүш, айыл чарба, билим берүү жана маалымат жеткирүү багытында иш-чаралар өлкөнүн бардык аймактарында болуп туруусу абзел.

Жагдайдан пайдаланып, “жашыл” термини менен байланышкан: *жашыл шаар, жашыл экономика, жашыл мурас, жашыл жол, жашыл аймак, жашыл арча, жашыл транспорт, жашыл көчө, жашыл жарык, жашыл экология, жашыл үй, жашыл китеп, жашыл талаа* ж. б. көптөгөн сөз айкаштарынын баары активдүү колдонулуп келе жаткандыгын белгилей кетели. Лингвистикада “жашыл” атоосу – өң-түстү билдирген лексикалык бирдик. 1. Көгөрүп турган чөп сыяктуу түс. 2. Көктөп-бүрдөгөн, куурабаган көк чөптүү, бак-дарактар, бадалдар, жашыл өсүмдүктөрү бар, көк жашаң [3: 439] деген мааниде. Кыскасы, жаркын маанайды тартуулаган, ар дайым жашыл болуп өсүп, бүрдөп турган өсүмдүктөр тобун туюндуруучу термин. Азыркы маалымат заманында адамдардын табият менен болгон мамилесин трансформациялай турган позитивдүү түшүнүктү берет.

Ал эми жашыл экономика – бул келечек. Ал гүлдөп өнүгүүгө жеткирет, татыктуу жумуш орундарын иреттейт, чыр-чатактардын тамырлашкан себептерин кыркат жана адамдын бардык укуктарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Жашыл экономиканын негизги максаты — Кыргызстанды таза, табигый жолдор менен өнүктүрүп, экономикага салым кошуу. Кыргызстанда 2018-2040-жылдар үчүн узак мөөнөттүү өнүктүрүүнүн “Таза коом – Жаңы доор” стратегиясы иштелип чыкканы белгилүү [4: 37]. Анда өлкөнүн келечеги, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн – руханий жана саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдү – өнүктүрүүнүн максаттарына жетүүнүн жолдору жана негизги принциптери камтылган.

Жер планетасындагы экосистемага таасир берүүчү организмдер кургакта жана сууда жашайт. Жаныбарлардын түрлөрүнүн 93% кургакта, 7% суу чөйрөсүндө жашай тургандар. Ал эми өсүмдүктөрдүн 92% кургакта, 8% сууда өскөндүгү анык. Бул организмдердин океан, деңиз, көл ж. б. суу экосистемаларында жашаган түрлөрү кургактыктагы организмдерге караганда атмосферанын таасирине бир кыйла

ыңгайлашкан. Экосистемадагы жандуу заттардын тиричилик аракеттеринин жүрүшүндө көптөгөн газдар: азот, кычкылтек, көмүр кычкыл газы, күкүрттүү суутек, метан ж. б. атмосферанын катмарын түзөт. Өсүмдүктөрдүн өсүп туруусу, жашылдандырууну жандандыруу, жашыл мурасты калтыруу бардык тирүү организмдердин жана микроорганизмдердин жашап, өсүп-өөрчүшүнө ыңгайлуу шарттар болуп саналат. Экосистемадагы заттардын кайрадан айлануу системасы сөзсүз түрдө энергияны талап кылат. Бул энергиянын булагы болуп күн же органикалык заттар эсептелет. Ошентип, Жер планетасындагы тең салмактуулукту сактоо, жаратылыштын жандуу жана жансыз байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, айлана-чөйрөнүү коргоо маселелери – адам баласынын алдындагы эң чоң проблемалардын бири. Демек, адам баласы тиричилик аракетин экологиялык негизде жүргүзүүсү зарыл. Антпесе, кыска убакыттын ичинде экосистемалардан мол продукция өндүрүп, бирок алынган химиялык элементтерди ордуна кайра кайтарбаса, ар түрдүү деңгээлдеги экологиялык проблемалар пайда болуусу мүмкүн. Экологиялык катастрофа болбошу үчүн экологиялык жактан туура экономикалык, чарбалык, техникалык ж. б. иш-аракеттер жүргүзүлүүсү керек:

1. Токойлордун, шалбаалардын, талаалардын аянтын кыскартпоо;
2. Тоо экосистемасындагы бадалдарды, өсүмдүктөрдү, жайыттардын, дөңсөөлөрүн чөп өсүмдүктөрүн азайтпоо;
3. Айдоо жерлерди туура пайдалануу, химиялык заттарды колдонууну төмөндөтүү, минералдык жер семирткичтерди өндүрүү;
4. Мал жайыттарынын биологиялык продукциясын көбөйтүү;
5. Шаар жерлериндеги бассейндердин атмосфералык булгануусун азайтуунун чараларын иштеп чыгуу;
6. Сел, көчкү, радиоактивдүү элементтердин коркунучтарынан чыгуу абалдарын түзүү;
7. Суу сактагычтардын, ГЭСтердин, плотиналардын ачылбашын кепилдөө керек.

Бул аталган проблемалар булганып жаткан абаны, сууну тазалоодо, жерлердин асылдуулугун жогорулатууда адам баласы үчүн кызматы чоң.

Кыргызстандын экологиясы климаттын өзгөрүүлөрүнө ыңгайлашкан. Элибиздин жашоосу үчүн жагымдуу болгон курчап турган чөйрөсү бар, табият менен шайкеш өнүгүп жаткан, кайталангыс табигый экосистемасын сактап калуу үчүн, климаттык жактан туруктуу өнүгүү үчүн табигый ресурстарды үнөмдүү пайдаланган өлкө катары максат-милдеттерди кабылдайт. Долбоор боюнча аныкталган артыкчылыктуу максат, милдеттерге токтоло кетсек.

Кыргызстан экономикалык жактан өнүгүүсүндө экологиялык туруктуулукту камсыз кылуучу такталган маалыматтарды колдонуу аркылуу чечимдерди кабыл алат.

Адамдын жашоосу үчүн жагымдуу болгон социалдык-экономикалык өнүгүү үчүн табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга, келечектеги муундар үчүн Кыргыз Республикасынын кайталангыс экосистемасын сактоону сунуштайт.

Өз кезегинде, бала бакчалардан, мектептерден тартып экологиялык тарбияны жана билимди киргизүү элдин жакшы экологиялык дүйнө таанымын, өлкөнүн табигый-ресурстук потенциалын сактоодогу жоопкерчиликти түшүнүүсүн калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Жакырчылыкты азайткан жана социалдык прогрессти камсыз кылган, табигый экосистемалардын экологиялык туруктуулугуна жана климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу аркылуу өлкөнү туруктуу өнүгүүгө өткөрүү процессин талап кылат.

Табигый экосистемаларды сактоону жана калыбына келтирүүнү эсепке алуу, келечектеги муундар үчүн экономикалык өсүштүн жана турмушту жакшыртуунун шарттарын, мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат. Мында келечектеги муундардын

жашоосунун реалдуу мүмкүндүгү пайда болот, алардын турмуштук муктаждыктары жана кызыкчылыктары канааттандырылат.

Бул иш Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн түрлөрүн коргоону, экологиялык тармакты кеңейтүү аркылуу табигый чөйрөнү, ландшафттарды, экосистемаларды жана биологиялык түрлөрдү коргоого жана калыбына келтирүүгө багытталат. Жашылдандыруу аянттарын кеңейтүү климаттын өзгөрүүсүнүн, жерлердин деградациясынын, абанын булгануусунун тобокелдиктерин төмөндөтүүнүн негизги элементтеринин бири болуп эсептелет. Өзгөчө көңүл шаарлардагы тиричилик калдыктарын кайра иштетүү жана утилдештирүү боюнча экономикалык жактан натыйжалуу инфраструктураны өнүктүргөнгө бурулат.

Жаратылышты пайдаланууну жөнгө салуу жана курчап турган чөйрөнү коргоо, экономикалык өсүштөгү терс экологиялык кесепеттерди азайтуу, калдыктарды туруктуу башкаруунун саясаты, кайра иштетүү, экинчи жолу пайдалануу, коопсуз утилдештирүү боюнча чараларды көрүү сыяктуу экономикалык механизмдер киргизилет.

Токойду сактоо жана өлкөдөгү токой аянттарынын аянтын 2023-жылга 5,7 %га чейин көбөйтүү аркылуу токойлордун климатты жөнгө салуучу жана сууну жөнгө салуучу ролун күчөтүү, тез өскөн дарактардын түрлөрүнүн плантацияларынын аянтын көбөйтүү, браконьерликти азайтуу боюнча, парник газдарын чыгарууну азайтуу жана көмүртеги аз өнүгүүгө өтүү боюнча иштиктүү чараларды кабыл алат.

Жалпы калкка экологиялык маданиятты калыптандыруу, экологиялык билим берүүнү жана тарбияны өнүктүрүү боюнча программаларды иштеп чыгып, түшүндүрүү жана ишке ашыруу боюнча артыкчылыктуу милдеттер белгиленген.

Жакынкы күндө ЕАЭБдин Кыргызстандагы биринчи форуму беш мамлекеттин ортосундагы инвестициялардын артыкчылыктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн глобалдуу долбоорлорун белгиледи. Экологиялык проблемаларды кыскартуу маселелери талкууланды. Дүйнөнүн өлкөлөрү менен кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн арттыруунун чараларын айтышты. Экономикалык саясат аркылуу өлкөнүн экспортко багытталган жана инновациялык секторлорунун инвестициялык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун багытташты. Ал аркылуу кошумча нарктын жана экспорттун ылдам өсүшүн камсыз кылуу кыйла келечектүү багыттарды – жеңил өнөр жайын жана кайра иштетүү өнөр жайын, экосистеманын тиешелүү тармакчаларын өнүктүрүүнү, алардын жергиликтүү чийки затты жана эмгек ресурстарын максималдуу колдонушу тууралуу ойлорду ортого салышты.

Форум доорлор алмашуу заманындагы санариптик ачык кызмат көрсөтүү моделине өтүү талапка ылайыктыгын тастыктады. Мамлекеттик башкарууну өнүктүрүүнүн принциби, анын негизги ролу бардык катышуучулар үчүн айкын эрежелерин иштеп чыгуу, теңдикти, коопсуздукту камсыз кылуу, зарыл инфраструктураны колдоо жана кызмат көрсөтүү, коомдук жана жеке уюмдар менен кызматташууну өстүрүү чараларын сунуштады. ЕАЭБ Кыргыз Республикасынын аброюн эл аралык аренада бекемдейт, өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсү үчүн тышкы саясий-экономикалык шарттарды түзөт. Экономиканы санариптештирүү жана инновациялык жана алдыңкы технологияларды ар тараптуу колдонуу өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүн, калктын бакубаттыгын жана коопсуздугун шарттайт. Программа мамлекеттик башкаруу системасына жана экономикага гана оң таасир тийгизбестен, ошондой эле экологияга, билим берүү жана саламаттыкты сактоо, социалдык кызматтарды көрсөтүү, сот жана укук коргоо системаларынын натыйжалуулугун камсыз кылууга жол ачат. “Таза коом” административдик

процесстерди жана жол-жоболорду автоматташтыруу жана санариптик мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү аркылуу, мамлекеттик сектордо коррупцияны түп-тамырынан жоюунун натыйжалуу шайманы болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, жашыл мурас жана жашылдандыруу боюнча жогоруда айтылган максат-милдеттердин баары экономика менен экология тармагы бири-бири менен биргеликте, талаптарга жооп бере турган иштерди алып барганда гана жашыл экономика долбоору ишке ашырылат. Адам баласы экологиялык катаклизмге туш келбей, экологиялык катастрофаны болтурбоо үчүн, жандуу жаратылышты туура пайдаланып, жашылдандырып, ага кам көрүп, биосферадагы тирүү организмдердин көп түрдүүлүгүн сактоонун аракетинде болушубуз зарыл. Экологиялык билим алуу, экологиялык маданиятты калыптандыруу, планеталык экологиялык тең салмактуулуктун сакталышын камсыз кылат.

Келечекке болгон “Таза коом – Жаңы доор” 2018-2040-жж. стратегиясы кеңири адамдык өнүгүүгө жана кеңири экологиялык туруктуу экономикалык өсүшкө карай тенденциялардын мизин майтарууга мүмкүнчүлүк берет. Таза коом – Жаңы доор” 2018-2040-жж. камтыган бардык максаттар татыктуу ишке ашып, өлкөбүз гүлдөп өскөн, бай, өнүккөн алдыңкы мамлекеттердин катарына жетүүсүнө тилектешпиз!

**Адабияттар:**


1. Кулназаров Б. Жалпы экология. - Б.: “Кыргызстан-Сорос фонду” 1999. -364 б.
2. https://www.azattyk.org/a/27423563.html
3. Кыргыз тилинин сөздүгү. -Бишкек, 2010. -1465 б.
4. Келечек 2040. Өнүгүү максаты. - Б.: 2018. -37-41-бб.